# Балдар үчүн Библия

тартуулайт

# Ыйсанын төрөлүшү



Эдвард Хьюс тарабынан жазылган

Сүрөттөр М. Мэйлот тарабынан тартылган

Christian Lingua тарабынан которулган

И. Фришбаттер, Сара С. тарабынан жөнөкөйлөтүлгөн

Аңгеме 60/36

**www.M1914.org**

***Bible for Children,*** *PO Box 3, Winnipeg, MB R3C 2G1 Canada*

Лицензия: Сатпасаңыз, бул аңгемени көчүрүп же басып чыгарууга укугуңуз бар.

Кыргызча

Kyrgyz

Көп жыл мурун, Кудай Жебирейил периштени Мариям деген жакшынакай жүйүт кызга жиберет. Ал Мариямга: “Сен уулду болуп, анын атын Ыйса коёсуң. Ал Жогору Тургандын Уулу деп аталат. Ал түбөлүк падышалык кылат”, – деп айтат.



1

“Бул кандайча болушу мүмкүн? – деп таң калган кыз сурайт. – Мен эркек көрө элекмин да”. Периште наристе Кудайдан келерин айтат. Анын атасы адам болбойт.



2


Андан кийин периште Мариямга анын тууганы Элизабет дагы карыганда балалуу болорун айтат. Бул дагы керемет эле. Көп өтпөй Мариям Элизабетке келет. Алар Кудайды чогуу даңкташат.
3
Мариям Жусуп аттуу адам менен убадалашып койгон. Жусуп Мариям кош бойлуу болуп калганын укканда көңүлү чөктү. Ал баланын атасы башка бир адам деп ойлоду.
4
Жусуптун түшүндө Кудайдын периштеси ага наристе Кудайдын Уулу экенин айтат. Жусуп Мариямга Ыйсага кам көрүүгө жардам бермек.
5
Жусуп Кудайга ишенип, баш ийди. Ошондой эле ал өз өлкөсүнүн мыйзамдарына баш ийди. Жаңы мыйзам чыккандыктан, ал салыктарын төлөө үчүн Мариям менен туулуп өскөн Бейтлехем шаарына жөнөдү.
6
Мариямдын төрөөр маалы келип калган. Бирок Жусуп эч бир жерден орун таба албады. Бардык мейманканалар толуп калган эле.
7
Акыры Жусуп бир сарай тапты. Ошол жерде наристе Ыйса төрөлдү. Апасы аны адатта малдын чөбү салына турган акырга жаткырды.
8


Жакын жерде койчулар уктап жаткан короо койун кайтарып жатышкан.  Кудайдын периштеси көрүнүп, аларга сонун кабар айтты.
9


“Бүгүн Дөөттүн шаарында силер үчүн Куткаруучу төрөлдү.  Ал – Машайак Теңир.  Наристенин акырда жатканын көрөсүңөр”.
10


Күтүлбөгөн жерден дагы көп жаркыраган периштелер көрүнүп:“Асмандагы Кудайга даңк!  Жер үстүндө, Кудайга
жаккан адамдар арасында тынчтык болсун”, – деп, Кудайды даңкташты.
11


Койчулар шашкан бойдон сарайга жөнөштү.  Наристени көргөндөн кийин алар периштелер Ыйса жөнүндө айтканын жолуккандардын бардыгына айтып жатышты.
12


Кырк күндөн кийин Жусуп менен Мариям Ыйсаны Иерусалимдеги ибадатканага алып келишти.  Ал жерде Шымыйон деген адам наристе үчүн Кудайды даңктап, ал эми Теңирдин дагы бир башка кызматчысы Анна ыраазычылык келтирди.
13


Ал экөө тең Ыйса убадаланган Куткаруучу, Кудайдын Уулу экендигин билишкен.  Жусуп эки көгүчкөндү курмандыкка алып келди.  Бул Кудайдын мыйзамы боюнча колунда жок адамдар жаңы төрөлгөн баласы үчүн алып келген тартуу болчу.
14


Бир аз убакыттан кийин, өзгөчө жылдыз даанышмандарды Чыгыштан
Иерусалимге ээрчитип келди. “Жүйүттөрдүн жаңы төрөлгөн падышасы кайда? – деп сурашты алар, – биз аны даңктагыбыз келет”.
15


Ирод Падыша даанышмандар тууралуу укту. Ал тынчсызданып, даанышмандар Ыйсаны тапканда, ага билдирип коюусун сурады. “Мен дагы ага табынгым келет”, – деди Ирод. Бирок ал жалган айтып жаткан. Ирод Ыйсаны өлтүргүсү келген.
16


Жылдыз даанышмандарды Мариям жана Жусуп наристе менен жашаган үйдүн дал өзүнө алып барды. Тизелеп таазим кылып, саякатчылар Ыйсага кымбат алтын жана жыпар жыттуу белектерди беришти.
17


Кудай даанышмандарга үйлөрүнө жашыруун кетип калыш керектигин айтты. Ироддун каары кайнап турду. Ыйсаны жок кылам деген максатта, жаман башчы Бейтлехемдеги бардык эркек
Наристелерди өлтүрттү.
18


Бирок ирод Кудайдын Уулуна зыян келтире алмак эмес! Жусуп түшүндө аян алып, коопсуз болуу үчүн Мариям менен Ыйсаны Мисирге алып кетти.
19


Ирод көз жумгандан кийин, Жусуп Мариям менен Ыйсаны Мисирден алып келди.
Алар Галилея көлүнө жакын жердеги Назарет деген кичинекей шаарда жашашты.
20

Ыйсанын төрөлүшү

Кудайдын Сөзү Библиянын аңгемеси

бул китептерде

Матай 1-2, Лука 1-2

“Сенин Сөзүңөн алган ачылыш жарык берет.”
Забур 119:130

Кудай, биз күнөө деп аталган жаман нерселерди кылганыбызды билет. Күнөө үчүн жаза өлүм.

Кудай бизди ушунчалык сүйгөндүктөн Өзүнүн Уулун, Ыйсаны, биздин жазабызды төлөш үчүн айкаш жыгачка өлүмгө жиберди. Ыйса тирилип, кайрадан асманга көтөрүлүп кетти! Эми Кудай биздин күнөөлөрүбүздү кечире алат.

Эгер күнөөлөрүңдү таштагың келсе, Кудайга мындай деп айт: Кымбаттуу Кудай, мен Ыйса мен үчүн өлүп, азыр тирүү экенине ишенем. Суранам, менин жашоомо келип, күнөөлөрүмдү кечирчи, ошондо мен жаңы жашоого ээ болуп, кийин Сени менен түбөлүк боло алам. Сен үчүн Сенин балаң катары жашаганга жардам берчи.
Оомийн. Жакан 3:16

Күн сайын Библия окуп, Кудай менен сүйлөшүңүз!